**НББП мониторинг өткөрүү куралдары:**

1. **3,4-курстун студенттери менен өндүрүштүк практикадан кийин конференция өткөрүү; (Тиркеме 1)**

2. **Бүтүрүүчүлөр менен НББПны талкулоо жана НББПны жакшыртуу боюнча сунуш, пикирлерди чогултуу; (Тиркеме 2)**

3. **Стейкхолдерлер менен НББПны талкуулоо; (Тиркеме 3)**

4. **ИСТ багытына сабак берген окутуучулар менен НББПны талкуулоо (Тиркеме 4).**

**Тиркеме 1.**

**3,4-курстун студенттери менен өндүрүштүк практикадан кийин конференция өткөрүү.**

25-апрель күнү МИТ факультетинин ИСП кафедрасынын күндүзгү окуу бөлүмүнүн ИСТ жана ПОВТАС багыттары боюнча 3,4-курстун студенттери менен өндүрүштүк практикадан кийин жыйынтыктоочу конференциясы болду. Конференцияга ИСП кафедрасынын башчысы А.Токторбаев, факультеттин практика жетекчиси З.Мурзакматова жана практика жетекчилери катышышты. Студенттер практика учурунда жасаган иштери боюнча презентацияларын даярдашып, отчетторун тапшырышты. Өндүрүштүк практикасы студенттер үчүн өтө пайдалуу жана маңыздуу болгонун белгилешип, практика учурундагы көйгөйлөр боюнча талкуу болуп, сунуштар да айтылды. НББПга студент квалификациялык жумушун өндүрүш менен байланыштырып, өндүрүштөгү жетекчилер менен биргеликте темаларды тандап алып, ошонун үстүнөн иштесе жакшы болмок. Бул жерде менин байкашымча иш берүүчүлөр бизге абдан кызыктар, башкача айтканда жардамдашалы, жумуштарга рецензия берели деп жатышат. Бул абдан жакшы нерсе. Колдошубуз керек. Студент программалоонун кайсы багытына жөндөмү күч болсо, шыктуу болсо, ошол багыттагы иш берүүчүлөргө жөнөтүп, алар менен байланыш уюштурушубуз керек.





**Тиркеме 2**

**Бүтүрүүчүлөр менен НББПны талкулоо жана НББПны жакшыртуу боюнча сунуш, пикирлерди чогултуу**

МИТ факультетинин бүтүрүүчүлөрүнө ОшМУнун карьера борборунун жетекчиси Маткалыков Азиретали "Резюмени кантип туура жазуу, жумушту туура издөө" деген темада семинар тренинг өтүп берди. Студенттер пайдалуу маалыматтарды жана кеңештерди алышты. НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы менен таанышып чыктык. Айтып өткөндөй иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин жана ата-энелердин сунуштары эске алыныптыр. Биз дагы жакшы сунуштарды берсек, бизден кийин окуган студенттерге да пайдасы тиет деген ойдомун.









**Тиркеме 3**

## Стейкхолдерлер менен НББПны талкуулоо

НББПны өнүктүрүү планына ылайык жыл сайын окуу жылынын аягында стейкхолдерлер менен НББПны өнүктүрүү боюнча конференция өткөрүлөт. 2022-2023 окуу жылы үчүн мындай конференция 14-апрелде өткөрүлдү.

Конференцияда төмөнкү суроолор боюнча анкетирлөө өткөрүлдү:

1. Ишканаларда адистерге кандай талап коюлат?
2. Кандай кесиптик компетенцияларды калыптандыруу зарыл?
3. Кандай социалдык-инсандык жана маданий компетенцияларды калыптандыруу зарыл?
4. Кандай инструменталдык компетенцияларды калыптандыруу зарыл?
5. Ишкана тарабынан коюлуучу кандай талаптарга жооп берүүсү керек?

Жогорудагы талкуудан кийин НББПга кошумча компетенциялар кошулду жана керектүү адистерди даярдоо талабы коюлду.




Иш берүүчүлөрдүн биз менен иштөөгө кызыкдар экендиги практиканттарды тартуу жана аларды андан кийин ишке алып калуу, акысыз курстарды өткөргөндүктөрү, бүтүрүүчүлөр менен иш алып барууга даяр экендиги далилдеп турат.

Окуу планга кызыкдар тарап жактардан бир нече предметтер сунушталган:

Замандын талабына жараша программалоо тилдерин өтпөсөңүздөр анда ишкана - мекемелерде бүтүрүүчүлөр иштей албай калышат. “1С Предприятие” дисциплинасынын да жаңы версиясын (8.3. версиясын) өтүңүздөр деген талапты койгонбуз. Менин дагы негизги сунушум ИВТ адистигинин студенттери сөзсүз түрдө англис тилин билүүсү керек. Себеби айылдан келген логикасы күчтүү балдар бар бирок, англис тилин билбейт. Кийинки сунушум “Облачное программирование”, “Система администрирование” дисциплиналарын да киргизсеңиздер жакшы болмок.

1. Техникалык англис тили
2. Облачное программирование
3. Система администрирование.

Студенттер суранган предметтерди тандоо курс катары жана окуу планга киргизүү маселелери каралган (Мисалы:).

Ремонт компьютерных систем, язык программирование GO, R

Разработка мобильных приложений на платформе Android Studio

ИСП кафедрасында студенттер тарабынан сабакты начар өткөн окутуучу жок (мындай кайрылуу болгон эмес).

Кафедра тарабынан ар дайым студенттер, ата-энелер жана иш берүүчүлөр менен тегерек столдорду өткөрүп, тиешелүү дисциплиналарды киргизип турабыз (Мисалы: ).





